Коом жана финансы

Улуттук банк өз озуйпасын аткарып жатат. Аны ким кандай түшүнүүдө?

Биз ачык экономикасы бар, эл аралык шериктештиктин катышуучусу болгон мамлекет катарында бир катар эл аралык уюмдардын мүчөсүбүз. Алардын ичинде Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Бүткүл дүйнөлүк банк (БДБ), Азия өнүктүрүү банкы (АӨБ), Ислам өнүктүрүү банкы (ИӨБ) сыяктуу бир катар олуттуу эл аралык финансы институттары бар. Мына ушундай эл аралык финансы уюмдарына мүчө болгондутубуздан улам 1991-жылы СССР кыйраганда, мурда союздук бюджетте дотацияда турган, бардык экономикалык ишмердүүлүгү башка союздук республикалар менен тыгыз байланышта болгон, өз алдынча экономикасы калыптана элек Кыргызстан эл чарбасынын бардык тармактарында терең структуралык реформаларды жүргүзүү менен экономикалык жана финансылык коллапстан чыга алды. Ошол кездеги гиперинфляциядан улам өз убагында улуттук валютасын киргизүүдө да Кыргызстанга аталган эл аралык финансы уюмдары колдоо көрсөткөн. Бул жардам азыр да улантылууда.



Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"

Улуттук банк, демек, көз карандысыз банк

Негизи бардык мамлекеттердин экономикалык жана финансылык саясаттарын аныктоодо борбордук банктарынын (биздин мисалда – Улуттук банк) ролу зор.

Кыргызстанда да мамлекеттик экономикалык программалар чет элдик уюмдар эмес, Өкмөт жана Улуттук банк тарабынан биргелешип иштелип чыгат. Аларды жүзөгө ашырууда зарылчылык болуп калса, өкмөт эл аралык финансы уюмдарына жардам сурап кайрылган учурда, алар эл аралык финансы уюмдары тарабынан колдоого алынышы же алынбашы мүмкүн. Бул бүткүл дүйнөлүк кеңири колдонулган практика. Биз, кыргыздар, бул жерде «велосипед ойлоп таап жаткан» жерибиз жок.

Эл аралык финансылык уюмдардын жардамын бизге окшогон жаңыдан өз алдынча болуп, өнүгүп келе жаткан өлкөлөр гана эмес, өнүккөн өлкөлөр да алышат. Мисалы, 1998-жылдагы эл аралык финансылык кризис убагында Азиядагы бир катар өнүккөн мамлекеттер, анын ичинде Түштүк Корея да дал ушул жогоруда аталган эл аралык финансы уюмдарынын финансылык колдоосу менен кризистен чыга алган. Акыркы жылдардагы европалык бир катар өлкөлөрдөгү финансылык жана экономикалык кризистер убагында да ушундай болду. Демек, бул, кайталап айтып коелу, эл аралык кеңири тараган практика.

Мындай финансылык жардамдарды алуу менен биздин мамлекет, анын ичинде финансы институттарыбыз оңол жардам беришкен эл аралык уюмдардын «ырын ырдап» жатышканы, башкача айтканда алар таануулаган экономикалык программалар боюнча гана иштеп калыша тургандыгы жөнүндө айтуу, жумшак айтканда, маселенин маңызын түшүнбөө. Ошол эле Түштүк Кореяны АКШ, Япония, Англия сыяктуу эл аралык финансы институттарын финансылоодо олуттуу улушкө ээ болушкан мамлекеттердин «ырын ырдап» жатат деш түркөйлүк болмок жана ага акыл-эси ордунда адам ишенбейт.

Эми кайрадан өзүбүзгө келсек, өлкөнүн борбордук банкы катарында Улуттук банктын көз карандысыздыгы жана өз алдынча акча-кредиттик саясат жүргүзө алышынын өлкөдөгү макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылуудагы ролу зор. Бул көз карандысыздык биздеги мыйзамдар менен камсыз кылынган. Тажрыйба көрсөткөндөй, мындай саясат абдан туура.

Ушул жерден чегинүү менен айта кетсек, Данияр Үсөнов өкмөттү жетектеп турган убакта Улуттук банкты Өкмөткө баш ийдирүү аракети көрүлгөн. Дагы жакшы, Д.Үсөновдун мындай «новаторлугу» ошол кезде колдоо тапкан жок. Андай болбогондо, аягы эмне менен бүтө тургандыгын элестетүү кыйын болмок...

Бул сөзүбүзгө далил катарында дагы бир фактыны айта кетели. Түркиялык мамлекеттик пландаштыруу органынан жана Берклидеги Калифорния университетинен эл аралык көз карандысыз эксперттер тарабынан жакында жүргүзүлгөн бир катар мамлекеттердин борбордук банктарынын көз карандысыздыгын баалоонун жыйынтыктары боюнча биздин Улуттук банк эң жакшы натыйжага ээ болгон. Бул дагы биздеги борбордук банктын мамлекеттеги ойногон ролун жана биздин бул өнүттө алган багытыбыздын тууралыгын эң сонун далилдеп турат (Караңыз: N. Nergiz Dincer, Barry Eichengreen, «Central Bank Transparency and Independence: Updates and New Measures», BOK Working Paper No.2013-21 (2013.09).

КРнын Улуттук банкы, мамлекеттин борбордук банкы катарында, мамлекеттик бийлик органы болуп саналат. Анын ишмердүүлүгү адамдардын бакубаттуулугун жогорулатууга, туруктуу экономикалык өсүштү, жумуштуулуктун жогорулатылышын, баалардын туруктуулугун камсыз кылууга багытталган.

Өкмөт менен Улуттук банктын ишмердүүлүк чөйрөлөрү Конституцияда так ажыратылган. КРнын Конституциясына жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык, Улуттук банктын ишмердүүлүгүнүн негизги максаты болуп баалардын туруктуулугуна жетишүү жана колдоп туруу саналат. Ал эми экономикалык өсүштү, калктын жумуштуулугун камсыз кылуу негизинен Өкмөттүн ишмердүүлүгүнүн чөйрөсүнө тиешелүү. Узак мөөнөттүү мезгилде Улуттук банк улуттук валютанын сатып алуу жөндөмдүүлүгүн колдоп туруу, республиканын банк жана төлөм системасынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу аркылуу экономикалык өсүшкө көмөк көрсөтөт. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, Улуттук банк өлкөдөгү экономикалык кырдаалга ылайык келген жана республиканы стратегиялык өнүктүрүүгө багытталган акча-кредит саясатын иштеп чыгат жана жүргүзөт.

Ар жылы Улуттук банк Орто мөөнөттүү мезгилге акча-кредит саясатынын негизги багыттарын өз алдынча иштеп чыгат, анда акча-кредит саясатынын сандык ориентирлери (инфляциянын деңгээли, резервдик акчалардын жана акча агрегаттарынын өсүшү) белгиленет, ошондой эле алдыдагы 3 жылдык мезгилге акча-кредит саясатынын милдеттери жана багыты аныкталат.

Ар жыл сайын Өкмөт жана Улуттук банк тарабынан биргелешип «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банкынын алдыдагы жылга экономикалык саясаты жөнүндө биргелешкен билдирүүсү» иштелип чыгат, анда негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр боюнча максаттуу көрсөткүчтөр, салык-бюджеттик жана акча-кредиттик саясатка карата милдеттер жана багыттар аныкталат. Бул дагы өлкөнүн узак мөөнөттүү өнүгүүсү үчүн өз салымын кошот.

Улуттук банктын алдында өлкөдөгү экономика жана финансы жаатындагы ири адистердин катышуусу менен ар кварталдын жыйынтыктары боюнча Эксперттик форум өткөрүлөт. Ага катышкан адистер тарабынан тиешелүү мезгил аралыгындагы өлкөдөгү акча-кредиттик саясаттын жыйынтыктары талкууланып, анын натыйжасында андан аркы иштин багыттары, кайсы проблемаларды чечүүгө басым жасоо каралат.

Өз алдынча мамлекет – өз алдынча экономикалык программа. А финансы – эл аралык уюмдардан

Мамлекеттин эл аралык уюмдар тарабынан колдоо тапкан өз алдынча экономикалык программасынын болушу өлкөдөгү макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган негиздүү экономикалык саясат жүргүзүлүп жаткандыгынын көрсөткүчү болуп саналат. А, бул өз кезегинде биздин өлкөгө инвестиция салганы келишкен инвесторлордо инвестиция сөзсүз корголушу үчүн ишеним жаратат жана башка булактардан кошумча финансылоону тартууга жардам берет.

Мына ошентип, өзгөчө Кыргызстандын эл аралык масштабда суверендүү кредиттик рейтинги жок шарттарда бул башка эл аралык инвесторлор үчүн багыттама болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын эл аралык рынктордон эркин жүгүртүлгөн капиталдардан карыз алуу мүмкүнчүлүктөрү чектелгендигин да эске алуу зарыл. Ошондуктан биздин өлкөбүздүн өз алдынча мамлекет катарында калыптануусунун алгачкы жылдарында өлкө үчүн валюталык түшүүлөрдүн жана социалдык-экономикалык саясатты жүзөгө ашыруунун негизги булагы болуп эл аралык финансы уюмдарынын ресурстары саналган. Алардын берилүү шарттары жеңилдетилген.

Мисалы, ЭВФтин бардык кредиттери биздин өлкө тарабынан 0,5 үстөк пайыздык ставка менен жана негизги суммаларды кайтаруу мөөнөтү 3 жылдан 5 жылга чейин жеңилдетилген шарттарда алынган. Атүгүл, 2010-жылдан баштап жана 2014-жылга чейин жеңилдетилген кредиттөөнүн алкактарындагы мурда алынып, жабыла элек кредиттер боюнча бардык үстөк пайыз төлөмдөрү биздин өлкөнү кошо алганда, бардык төмөн кирешелери бар өлкөлөр үчүн ЭВФ тарабынан 0 (нөл) пайызга чейин төмөндөтүлгөн.

Жалпысынан, 2013-жылдын биринчи кварталына карата, Кыргыз Республикасынын Бүткүл дүйнөлүк банкка карызы – 676,2 миллион доллар жана Эл аралык валюта фондусуна карызы – 183,3 миллион доллар болгон. Бул тиешелүү түрдө өлкөбүздүн жалпы мамлекеттик карызынын 22 пайызын жана 6 пайызын түзөт. Демек, эл аралык уюмдардан көз каранды болуп калгыдай деңгээлде эмес.

Анын үстүнө, эл аралык уюмдардан тартылган кредиттик каражаттар конкреттүү мамлекеттик долбоорлорду жана программаларды финансылоого багытталган максаттуу кредиттер. Атап айтканда, Бүткүл дүйнөлүк банктын кредиттик каражаттары жол тармагын реабилитациялоого, айыл чарбасынын, саламаттыкты сактоонун, билим берүүнүн жана жалпысынан социалдык чөйрөнүн абалын жакшыртууга, ошондой эле финансылык секторду өнүктүрүүгө жумшалган. Алардын баары конкреттүү долбоорлорду жүзөгө ашыруурга пайдаланылды.

Албетте, айрымдар тастыкташкандай, эл аралык финансылык уюмдардын, чет элдик инвестициялардын жардамысыз эле өзүбүз өнүгүп кетсек кана! Тилекке каршы, сөз башында айтканыбыздай, азырынча өнүгүү долбоорлорун финансылоо үчүн мамлекеттик инвестициялык мүмкүнчүлүктөрүбүз чак, ал эми жеке ири ички инвесторлор дээрлик жок болуп турат. Ошондуктан, эл аралык финансы уюмдарына, чет элдик инвесторлорго кайрылууга аргасызбыз.

Негизи чет элдик финансы булактарынан жана инвестициялардан дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрү пайдаланышат. Кеп, анын кандай пайдаланганында.

Эң жөнөкөй салыштыруу. Көптөгөн ишкерлер коммерциялык банктардан өз бизнестерин ачуу же аны кеңейтүү үчүн үстөк пайыздары азырынча салыштырмалуу жогору болгон кредиттерди алышып, аларды ар кандай багыттарда иштетишет жана өз убагында кутулуу менен жаңы бизнестүү болуп калышат же мурдагы бизнестерин кеңейтишет. Бирок, алардын бири да банк тарга көз каранды болушуп, "алардын ырын" ырдап жатышканы боюнча даттанышканын жолуктура элекмин. Ошол эле учурда алынган каражаттарды максатсыз пайдаланып жиберишип, анан кайра банктарды күнөөлөшкөндөр да жок эмес. Мындай "кыргызбайчылык" да биздин турмуштун ачуу чындыгы болуп турганын моюнга алганга аргасызбыз.

А бул өзүнчө макала үчүн тема...

Сонку сөз

Акыркы мезгилде айрым экономика менен финансы маселелеринен алыс саясатчылар жана бардык тармак боюнча «дежур эксперттердин» Улуттук банк эл аралык финансы институттарынан көз каранды экен деген сыяктуу тастыктоолору жаңылык эмес. Андайларды айткандарда же маалыматтар жетиштүү эмес, же аларда бурмаланган маалыматтардын негизинде пикир түзүлүүдө, же алардын көздөгөн максаттары эптеп эле өлкөнүн башкы банкын жаманатты кылуу.

Эгерде акыркы максатты көздөп жатышса, андайлар менен дискуссияга түшүп отуруунун да кажети жок болуп чыгат...